***Б.С. Досиева***

## Эскерме, баян жанрынын калыптанышынын ырчылар чыгармачылыгындагы орду

Эскерүү түрүндө мемуардык баяндын жаралышы жалгыз гана профессионал жазма адабияттын энчиси болуп эсептелеби? Же бардык адабий жанрлардын элдик оозеки айтылчу формалары сыяктуу эле мындай чыгармалардын айрым элементтери эмбрионал түйүлдүктөрү, кадыресе баштан аяк бүткөн көркөм туунду катары жашап калган үлгүлөрүн фольклор менен акындар поэзиясынан да тапсак болобу? Эгерде болсо, конкреттүү аты-жөнү, аталышы, кайсы учурда, кимдер тарабынан ырдалып же кара сөз түрүндө айтылып калганын ачык мисалдар, ишенимдүү фактылар менен далилдеп көрсөтүш керек. Алардын да ички жана сырткы байланыштары жанрдык эволюциясы, жаңы сапаттык баскычтары болбой койбойт.

Бул жагынан алып караганда, кыргыз адабиятынын тарыхы абдан оригиналдуу башка элдердикине окшобогон шарттарга туш келип пайда болуп, анан өнүгүүгө жол албадыбы. Жазма жаңыдан көз жарган кезде фольклор да абдан күчүндө турган. Ырчылар поэзиясы өзүнүн зенитке чыккан классикалык доорун абдан активдүү жүргүзүп жаткан маал болчу. Мындайча айтканда сөз өнөрүнүн түрдүү баскычта өмүр сүрчү үч түрдүү сапат күтүнгөн үлгүлөрү бир мезгилде бирине-бири туш чыгып көпкө дейре катарлаш, өтмө катыш жашап калбадыбы. Жаңы профессионал адабият кыйла жол басып келип анан үстөмдүгүн жүргүзбөдүбү. Мына ушул аралыкта элдик төкмө ырчылар да көпкө чейин активден тайбай, жандуу таасирин жоготпой жатышты. Жаңы замандын бир жакшылыгы - алардын көпчүлүгүнүн сабатын жойгузуп кат таанытып койду. Ырдаган ырын кагазга түшүрүп алууну үйрөнүштү. Ушуну менен эле чектелишкен жок. Айтып жатпайбызбы фольклор да, ырчылар поэзиясы да, жаңыдан көз жарып жаткан жазма профессионал адабият да бир учурда катар жашап калышты деп. Жаш жазуучулар бирин-бириндеп өтө жөнөкөй чиймеленген чакан эскермелердин биринчи кар алдынан чыккан байчечекейлерин пайда кылышса, аларга катарлаш эле учурларда эл ырчылары менен манасчы, жомокчулар да бири ыр түрүндө, бири кара сөз түрүндө эскермелер жаратып, жазышып жаткандарына күбө болобуз. Деги ырчылардын эскерме түрүндөгү чыгармалары профессионал жазма адабият жандуу таасирин тийгизе баштаганга чейин өмүр сүрүп көргөнүн билебизби. Сөзсүз түрдө жашап келген. Арстанбектин «Керээз», Жеңижоктун «Ким ырдайт менин ырымды», Токтогулдун «Калык менен кездешүү», Барпынын «Мен көргөн күндөр» аттуу узун сабак ырлары айтылгандардын талашсыз мисалы. Кат таанып кагазга түшүргөнгө чейин ушул формалар жашап келген. Алар жаралбай жашабай калышы мүмкүн эмес болчу.

Анткени ар бир эле адам өмүр жолун, өз башынан өткөргөн түрдүү окуяларды, тирүү жан, бир элдин өкүлү, өнөр ээси, катары кандан калыптанып, өскөнү, туш болгон тагдыры жөнүндө өз учуру келгенде эскербей бирөөлөргө кызыкчылык үчүн бирөөлөргө жашап өткөн доордун абалын таанытыш үчүн өзү артына түшүргөн изин баалаш үчүн, бирөөлөргө сабак алсын деп айтат. Профессионал акын жазуучулар менен искусствонун башка багыттагы өкүлдөрү өз деңгээлдеринде кантип жазып, кантип окурманга жеткирүүнү көздөшсө, ырчылар да жекече табият тарбия шартына жараша аракет жасашат.

Албетте, булардын баары ушул багыттагы чыгармаларды жараткан авторлор талант кудурети, дүйнөнү көркөм аңдап билүү түшүнүгү, адам турмушун анын миң түрдүү сырлары менен оомал-төкмөл табиятын жандуу сөз күчү менен баяндап берүү усулу боюнча ар башкача болушу толук мыйзам ченемдүү көрүнүш катары эсептелет. Мында дагы бир маселеге, биз изилдөө жүргүзө турган теманын түрдүү салаалуу экендигине атайын көңүл буруп, ар биринин өзгөчөлүк сырларын аңдаштырып өтүүгө тийишпиз. Биз азыр сөзгө тартканы жаткан элдик акындар - Калык, Осмонкул, Алымкул, Коргоол, Ысмайыл жана алардан кийинки адабият алда канча өнүгүп калган учурда келген. Токтосун, Ашыраалы, Эстебес, Тууганбайлардын тамга таанығандары гана көргөн билгенин кагазга түшүрө алышат. Ошондуктан булардын жазгандары профессионал классикалык адабият берчү өмүр баян чыгармаларына айрым бир белгилери, көбщнчө сырткы формасы жагынан гана жакындашпаса, негизинен ички сапат, жанрдык табияты боюнча акындар поэзиясы менен өнүккөн адабияттын айырмачылыктарындай эле айырмачылыкка ээ болушат. Бир эле учурда

жаралып жатышканы менен экөө эки баскычтагы автордук ойлоо, адабий түшүнүк деңгээлин көрсөтүшөт.

Ал гана эмес эскерүү жаатындагы көркөм туундусун профессионал жазма адабияттын да, акындар поэзиясынын да табигый чен-өлчөм алкагында турбаган залкар жомокчу Саякбай да тартуулаганы баарыбызга маалым эмеспи. Бул фактынын өзү эле кызык ары сергек учураган көрүнүш. Кимди кайсы элдин окурманын болсо да өзүнө каратпай атайылап көңүл бургузбай койбойт. Ошондуктан ырчыларга алардын өз айырмалуу белгилерине, сапаттык талабына ылайык баа берилип өз орду аткарган милдети туура аныкталууга тийиш. Кыскасы фольклор менен акындар поэзиясы илимде кандай өзгөчөлөнүп каралса элдик ырчылар менен жомокчу — манасчылардын эскерме жаатындагы чыгармалары да ошондой эреже — талап менен каралып, жеке өзүнө таандык баасын алыш керек. Бул маселе азырга чейин кыргыз адабиятчыларынын көңүлүн бургуза элек. Ал турсун мемуардык баян - эскерме жанрына аныктама бердик дешкен илимпоз-адабиятчылар Ж. Шериев менен А. Муратовдор да адабий терминдердин сөздүгүндө үстүртөн гана бир жактуу өтүшкөнү айдан ачык көрүнөт. Мисал келтирели: «Эскерүү - көрүнүктүү инсандар жөнүндөгү аны көргөн-билген адамдардын кийин аны эстеп жазган мемуардык чыгармалары. Алсак А. Осмонов жөнүндө Т. Сыдыкбеков, А. Токтомушев өңдүү замандаштары эскерген. Эскерүүлөр бул же тигил адамдын өмүр баянын, чыгармачылык ишмердигин үйрөнүүдө айрым адабий фактыларды тактоодо чоң мааниге ээ».[1] Мына ошентип, эскерүүдө биринчи кезекте мемуардык чыгармалар болуп саналышат экен. Ал эми мемуардык чыгармалар деген кандай көркөм туундулар болуп эсептелинет? Кандай -чыгармаларды биз мемуардык китептер деп атайбыз. Бул суроолордун жооптору дале болсо жогорудагыдай сурап билме жыйнактарда жазылгандыгына күбө болобуз. Ушул мааниде Ж. Шериев менен А. Муратовдун жогоруда көрсөтүлгөн сөздүгүндө кандайча шилтенгендигин жакындан окуп чыкканыбыз оң.

«Мемуар, мемуардык адабият (гр. - эскерүү) - белгилүү идеалдын өзүнүн көрүп-билген же башка жакын булактардан алган окуялары жөнүндө жазган эскерүү мүнөзүндөгү чыгармалары. Мында борбордук орунда баяндоочу автор турат да, окуяларга өзүнүн көз карашынан баа берет».

Көрүнүп тургандай адабиятчы менен усулчунун бул бир эле китебинен алган эки пикиринде бир эле жанрдагы чыгармалар жөнүндө эки ачекей пикир берилип отурат. Авторлор алгач «эскерүү - көрүнүктүү адамдар жөнүндөгү сени көргөн-билген адамдардын кийин аны эстеп жазган» чыгармалары деп айтышса, кайра туруп, «белгилүү адамдын өзүнүн көрүп-билген, же башка жакын булактардан алган окуялары жөнүндө жазган» чыгармалары деп айтышат. (Астын биз сыздык - Г.Ж.). Бул эки пикирдин кайсынысына ишенип, кайсынысына макул болсок болот. Албетте, мында чындыкка көбүрөөк жакын турган пикир болуп экинчи айтылган ой эсептелинет. Анан калса башка илимий булактар да маселенин дал ушундай экендигин ырастап турушат.

Айталы белгилүү адабиятчы Л.И. Тимофеев менен С.В. Тураев түзгөн «Словарь литературоведческих терминов» деген жыйнакта ушул багытта жазылган түшүндүрмөгө күбө болобуз: «Мемуарные литература (франц. Метсмге, от лат. тетопо -памяхь, воспоминания). В широком смысле - записи людей о событиях прошлого которые они наблюдали или в которых участвовали. К ним принадлежат автобиографии, дневники, заметки и т.д. Основным условием для отнесения подобных записей к М. Л. в узком смысле как особому виду искусства слова является установка их авторов на образное воспроизведение жизни. Подобно очерку, художественные мемуары основываются на том способе типизации, который предполагает выявление в самой жизни типических явлений, характеров и событий с последующим их точным отражением в образах. Из многочисленных фактов мемуарист должен отобрать и воспроизвести те, какие позволяет в неповторимо конкретной форме раскрыть существенные, характерное для эпохи явления. Предполагая даже большую, чем в очерках, точность и достоверность деталей, этот жанр исключает возможность поэтического домысла в обрисовке исторических деятелей и событий. Даже самые незначительные отступления от документально подтвержденный фактов снижают познавательную и художественную ценность мемуаров... По многим своим композиционным и языковым особенностям художественные мемуары сближаютмя с автобиографической повестью;

разграничить эти жанры часто не представляется возможным, хотя в последней вводятся вымышленные лица и события»[1].

Мына ошентип, мемуардык адабияттын өзүмдүк сапат-белгилери, жанрдык өзгөчө касиеттери, ички табияты, башка жанрдагы чыгармалар менен окшоштуктары жана айырмачылыктары, жакындыктары жана алыстыктары бул келтирилген мисалда жеткиликтүү берилгендигине күбө болдук. Мемуардык чыгармалар биринчи кезекте эскерүү багытындагы көркөм туундулар болуп эсептелинери, анан да мындай чыгармалардын эң бир өзгөчөлүү сапат-белгиси болуп турмушту типтүү образдар аркылуу көркөм чагылдыруу болуп саналат экен. Маселеге дал ушундай чен-өлчөмдөн туруп мамиле жасаганыбызда гана эскерүү табиятында жазылган чыгармалардын ички сапат-касиетин жеткиликтүү аңдап билген болобуз.

Ал эми бул багытта сөз башында айтылып өткөндөй ар кандай калемгерлерибиз тарабынан бир топ чыгармалар жазылды. Профессионал жазма адабиятыбыздын өкүлдөрүнүн ичинен ушул жанрда эң ирдүү чыгармаларды, жыйнактарды таратышкан калемгерлер катары М. Элебаевди жана анын «Узак жолун», Түгөлбай Сыдыкбековду жана анын «Жол», «Бел-белес», К. Маликовдун жана анын «Замандаштарым жана каламдаштарым». Т. Адышеванын жана анын «Кылы үзүлгөн комузум», Ш. Бейшеналиевдин «Тагдыр сырлары» сыяктуу китептерин көрсөтүп кетсек болот. Ошондой эле ырчылар поэзиясынын өкүлдөрү Калык, Осмонкул, Алымкул, Ысманкул ошондой эле манасчы Саякбай жана мектептен адабият сабагынан окушкан Токтосун Тыныбеков, Эстебес Турсуналиев, Тууганбай Абдиевдер да бул багытта бир топ китептерин окурман журтка тартуулашканын жакшы билебиз. Албетте биз жогорудагы калемгерлердин эскерме китептеринен мемуар-баян жанрынын табияты талап кылып турган эң башкы мүдөөлөрдү таба алабыз.

Ушинтип мындан наркы сөз негизинен ырчылар поэзиясынын белгилүү өкүлдөрү жаратышкан эскерүү баяндары тууралуу кетери белгилүү болуп калды окшойт.

Албетте, айтылуу ырчыларыбыз жаратышкан эскерүү багытындагы туундулар камтыган мезгилдин алкагы боюнча да, көлөмү боюнча да ошондон улам таанытып - билдирүүчүлүк сапат-касиети боюнча да ар түрдүү. Айталы, **Калык** ырчы менен **Осмонкул** төкмөнүн эскерүү китептери көлөмү жагынан эле он, он эки басма табакка барабар болуп мезгилдин алкагы боюнча бир топ убакытты өз ичине камтып, көптөгөн адамдардын өмүр-тагдырларын өтмө катар беришсе, **Алымкул** ырчынын эскерүүсү чыгармачылык өмүр жолундагы бир гана учурга арналып өмүрдүн бир көз ирмеми жөнүндө гана ошол чектелүү убакка жараша кеп салат. Ал эми Ысмайыл, Бороончу эскермесинде болбосо андан маанилүү окуя 1936 - жылкы республикалык олимпияда таланттарды кантип баш коштуруп, кантип сыноодон өткөзгөн кезде жолуктурган олуттуу окуялардан айтылат.

Саякбайдын эскермеси булардын эч кимисине окшобогон окуялар менен турмуштук көрүнүштөр жана кече басып өткөн өмүр жолунан үзүндүлөр кетет. Жүргөн жерлерине жараша географиялык алкактар да башкача сщрёттёлёт.

Бул жерде аталып өткөн эл ырчылары менен манасчы өзүнчө бир баскычты түзөт. Мындан да тагыраак айтсак ырчылар чыгармачылыгынын классикалык доору чыгарган таланттар гана тизмеге түшүрүлдү. Жогоруда атайылап белгилеп өткөндөй алардын соңунда, совет мезгилинде туулуп, советтик турмуш ичинде ёскён Токтосун Тыныбеков, Ашыраалы Айталиев, Эстебес Турсуналиев, Тууганбай Абдиев сыяктуу ырчылардын баскан жолу жашоо ыңгайы, алган таалим тарбиясы да башкачараак шарттарда өттү. Ошого ылайык айырмачылыктар да бар. Алар эки тщрдщщ мектептен билим алышты.

Биринчиси - эл ырчыларын ээрчишип, ошолордон үлгү алып келатышса, экинчиси-кадимки эле советтик мектепте окушуп жаңыча кат сабатын жоюшту. Искусство, көркөм адабият жөнүндө түшүнүк алышты. Профессионал жазма адабияттын өкүлдөрүнүн таасирин көрүшпөй койгон жок. Ушул өзгөчөлүгүнө жараша буларды өзүнчө бир бөлүмдө караганыбыз оң болот деп ойлойбуз.

Иштин бул жагы түшүнүктүү эле болуп калды окшойт десек дагы бир мыйзам ченемдүү ой туулуп жатат. Дегинкиси эскерме-баяндарды элдик ырчылар кара сөз менен жазып кагаз бетине түшүргөнгө чейин алардын ыр түрүндө жаралган айрым үлгүлөрү болгонбу, же бул жанр таптакыр эле жок жерден күтүүсүз эле чыга калыптырбы деген суроо

өзүнөн-өзү жаралбай койбойт. М: Калык, Осмонкул, Коргол, Алымкул, Ысмайылдар дүйнөлүк адабият тарыхына эскерме-баян жанры канча кылымдардан бери жашап келеатканын билип же алардын үлгүлөрүнөн окуп жүрүштү дейсиңби. Анын урук, тамырлары, фольклор менен ырчылар поэзиясынын өзүндө эле болгон. Айрым эле элементтери эмес кадыресе иштетип чыккан поэтикалык үлгүлөрү да бар.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Молдо Нияз. Санат дигарасттар. (Арап тамгасындагы эски жазмадан азыркы тамгага Р. Зулпукаровдун көмөгү менен көчүргөн, китеп кылып түзгөн жана баш сөзү менен сөздүктөрүн, кошумчаларын жазган Омор Сооронов).- Б.: 1993-56-бет.
2. Шериев Ж., Муратов А. Кыргыз адабияты. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. Бишкек, Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1994, 118-бет.
3. Словарь литературоведческих терминов. (Редакторы-составители А.И.Тимофеев и С.В. Тураев.-М.: Просвещение, 1974. 265-266-беттер.
4. Сыдыкбеков Т. Жол. Автобиографиялык роман- Ф., Мектеп, 1982.
5. Сыдыкбеков Т. Бел-белес, роман-эссе.-Б., «Акыл» мамконцерни, 1996.
6. Маликов К. Замандаштарым жана каламдаштарым (макалалар, эстеликтер). Экинчи басылышы. Ф.:Мектеп, 1985.
7. Адышева Т. Чыгармалар жыйнагынын бир томдугу. Ф., 1987.
8. Ш. Бейшеналиевдин Тагдыр сырлары «Учкун» АК,1998.